# Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) экөбүз тең жунуб болгондо бир эле идиштеги сууга жуунчубуз. Менин айызым келген учурда, мени шым кийип алууга буйручу жана (кийимдин сыртынан) кучактап, жакындачу.

Ыймандуулардын энеси Айша (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) экөбүз тең жунуб болгондо бир эле идиштеги сууга жуунчубуз. Менин айызым келген учурда, мени шым кийип алууга буйручу жана (кийимдин сыртынан) кучактап, жакындачу. Мечитте этикафта отурганда, менин бөлмөмө эшиктен башын чыгарчу, менин айыз көрүп жаткан учурум болсо деле, анын башын жууп берчүмүн.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Ыймандуулардын энеси Айша (ага Аллах ыраазы болсун) пайгамбарыбыз экөөнө тиешелүү кээ бир абалдары тууралуу баяндайт. Алардын кээ бири булар: Ал пайгамбарыбыз экөө жунубдуктан жуунганда бир идиштен суу алып жуунчу. Анын айызы келген кезде пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага кошулууну каалаеа, киндигинен тизесине чейин кийинип алууга буйруп, анан ага кошулбастан кучактап, жакындай берчү. Дагы ал айызы келип турган учурда, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мечитте этикафта болсо, башын эшиктен анын бөлмөсүнө чыгарып, ал жууп берчү.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/3476

النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee